УДК 81.373.735.1.

Р. Абдурасулова
Ош гуманитардык педагогикалык институтунун окутуучусу

МАКАЛ-ЛАКАПТАРДАГЫ БИР СОСТАВДУУ СҮЙЛӨМДӨР ЖАНА АЛАРДЫН ӨЗГӨЧӨЛҮГҮ

ОСОБЕННОСТИ ОДНОСОСТАВНЫХ ПРЕДЛОЖЕНИЙ В ПОСЛОВИЦАХ И ПОГОВОРКАХ

FEATURES OF ONE-PART SENTENCES IN PROVERBS AND SAYINGS

Аннотация: *Бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөмдөрдө макал-лакаптардын өзгөчөлүгү.*

Түйүндүү сөздөр: *макал, лакап, жаксыз сүйлөмдөр, атама сүйлөм.*

Аннотация: *Особенность пословиц и поговорок в односостовных предложениях.*

Ключевые слова: *поговорки, пословицы, безличное предложение,*

Pecularities of proverbs and sayings in mononuclear sentences.

Key words: *saying, proverbs, impersonal sentences, invoices.*

Бир составдуу сүйлөмдөр баш мүчөлөрдүн бирөөнүн гана негизинде түзүлөт. Ошондуктан кыргыз тил сабагында аларды өтүүдө ошол структуралык өзгөчөлүгүн эске алып, алар баш мүчөлөрдүн кайсынысынын базасында түзүлгөнүн аныктоо керек. Мисалы, атама сүйлөмдөр айрым сөз же сөз айкаштарынан түзүлөт. Кандай составда түзүлсө да, андагы сөз же сөз айкашындагы багындыруучу сөз заттык түшүнүктө, атооч жөндөмөдө келет. Демек, мааниси грамматикалык формасы жагынан ээге окшош болот: атама сүйлөмдөр ээ жана анын тобунан түзүлгөндөй сезилет. Бирок ал сөздөрдү ээ деп, атама сүйлөмдөр ээнин базасында түзүлөт деп кароого болбойт, анткени сүйлөмдөгү кандай гана сөз же сүйлөм мүчөсү болбосун, алардын синтаксистик функциясы башка сөздөр, сүйлөм мүчөлөрү менен болгон байланыш, катышына карай аныкталат. Ошондой эле, ээнин синтаксистик функциясы да баяндооч менен болгон синтаксистик байланыш, катыштын негизинде ишке ашат. Ошондуктан атама сүйлөмдөрдүн составындагы атооч жөндөмөдө келген заттык түшүнүктөгү сөздөр да баяндооч менен синтаксистик байланышта, катышта болбогондуктан, ал аркылуу берилген кандайдыр бир белгинин ээси болуп келбегендиктен, ээлик функцияда келе албайт. Атама сүйлөмдөр сүйлөм мүчөлөрүнө ажыратылбаган, интонациянын жардамы менен гана сүйлөмдүк сапатка жетишкен сөз же сөз айкалыштарынан турат.

Атама сүйлөмдөрдө предикаттык катыш болбогондуктан, ал жеке сөзгө же сөз тизмегине да окшош келет, бирок алардын интонациясы, бир окуяга байланыштуу айтылышы боюнча айырмаланат.Атама сүйлөмдөр мээлүн үн менен айтылып, аягында ойдун бүткөнүн билдирген тыянактуу интонация болот [5.172-б.].

Макал-лакаптардагы бир составдуу сүйлөмдөр адабий тилдин башка жанрларындагы бир составдуу сүйлөмдөрдөн кескин түрдө айырмаланбайт. Ошону менен бирге өзүнө тийиштүү айрым бөтөнчөлүктөргө да ээ. Ал бөтөнчөлүк: макал-лакаптарда бир составдуу сүйлөмдөрдүн бардык түрлөрү жолуга бербейт, тактап айтканда, атама сүйлөмдөр, аныктама жактуу сүйлөмдөр макал-лакаптарда кезикпейт, анткени алар - тилдин өнүгүшүнүн кийинки этаптарында пайда болгон конструкциялар. Ал эми элдик оозеки чыгармачылыктын бир жанры болгон макал-лакаптар пайда болушу жана өнүгүшү жагынан бир нече доорлорду ичине алат. Экинчиден, макал- лакаптарда элдин дүйнөгө болгон коз карашынын, күндөлүк байкоолорунун жана турмуштук тажрыйбаларынын жыйынтыгы берилет. Аларды башка бирөөгө баяндоо, кабарлоо аркылуу турмуштагы ар кандай оң көрүнүштөрдөн үлгү алууга терс көрүнүштөрдөн качууга үгүттөө максаты коюлат, дидактикалык мааниге ээ болот. Ал эми атама сүйлөмдөрдө болсо мындай дидактикалык мүнөз болбойт, алар белгилүү учурдагы көрүнүштү кеңири сүрөттөө үчүн колдонулуучу көркөм адабияттагы стилдик бир ыкма болуп саналат. Ошондуктан атама сүйлөмдөр макал-лакаптарда колдонулбайт, алардын ички табиятына ылайык келбейт.

Жогоруда көрсөтүлгөндөй, макал-лакаптарда жамдама жактуу, туюк жактуу жана жаксыз сүйлөмдөр колдонулат, анткени макал-лакаптарда жеке кишинин эмес, көпчүлүктүн, элдин иш-аракети, болгондо да алардын эчен ирет кайталанган, такталган

иш-аракетинин жыйынтыгы берилет. Демек, макал-лакаптардагы окуялар, турмуштук көрүнүштөр жалпыланган, жамдалган мааниси жамдама жактуу, туюк жактуу жана жаксыз сүйлөмдөр формасында берилет [5.169-б.].

Жамдама жактуу сүйлөмдөр. Бул сүйлөмдөргө ээ катышпай, түшүрүлүп айтылат. Бул жагынан алар ээси стилдик ыкма катары түшүрүлүп айтылган эки составдуу сүйлөмдөргө окшош болот. Ал эми баяндоочтордун, биринчи, экинчи жакта айтылышы алардын уюшулуш формасы болуп саналат. Анткени макал, лакаптарда турмушта эчен ирет кайталанган, такталган окуялардын жыйындысы чагылдырылат. Андагы баяндалган оң-терс сапаттар, жалпы эле турмуштук көрүнүштөр аркылуу башкаларга таалим-тарбия берилет, акыл, кеңеш айтылат. Ал эми акыл насыят, кеңеш дайыма угуучуга, 2-жакка багытталат. Макал-лакаптарда жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн көп кезигиши да ушул себепке байланышат. Демек, жамдама жактуу сүйлөмдөр макал-лакаптардын жалпыланган маанисине дидактикалык мүнөзүнө төп келген ылайыктуу конструкциялар болуп саналат [3.296-297-б].

Жамдама жактуу сүйлөмдөрдү баяндоочтору көбүнчө 2-жактагы буйрук ыңгай келер чактагы этиштерден, атооч сөздөрдөн түзүлөт, бирок алар кайсы соз түркүмүнөн болбосун, кайсыл жакта айтылбасын, баары бир жалпы чактык маанини туюндурат, анткени макал-лакаптардагы окуялар болуп жаткан, болуп откон жана мындан ары да боло бере турган закон ченемдүү көрүнүштөр, аракеттер болуп эсептелет. Баяндоочтун түзүлүшүн сөз түркүмдөрү жана этиштин чактары боюнча төмөнкүдөй көрсөтүүгө болот: [1.203-б.].

Баяндоочтун кызматына көбүнчө 2-жактагы буйрук ыңгайлар аткарат, анткени макал-лакаптарда турмуштагы оң, терс көрүнүштөр баяндалып, оңдон үлгү алууга терстен качууга үндөйт. Мындай маанини берүүдө буйрук ыңгайлар өтө ыңгайлуу форма болуп саналат:

Суу кечпей, кепичиңди чечпе.

Мал сактаба - ар сакта.

Айкын жана арсар келер чактагы этиштер аткарат, булар да баяндоочтук кызматта көп колдонулат. Баяндоочу арсар келер чактык формада айтылганда күмөндүүлүк эмес, ачык айкын эле боло турган иш-аракет баяндалат, анткени, адатта макал-лакаптарда болушу арсар окуялар эмес, аныкталган, такталган, болору айкын окуялар жөнүндө сөз болот. Арсар келер чактык форма окуяны жумшартуу, ага эмоциялык маани берүү үчүн колдонулат:

Жамандыкты тамандын астынан табам.

Көпсөң-жарыласың, толсоң-төгүлөсүң.

Жакшы менен бир жүрсөң, жетерсиң мураска; жаман менен бир жүрсөң, каларсың уятка.

Өткөн чактагы этиштер аткарат, бирок сейрегирээк кезигет: Кечтим байдын кызынан.

Мындан жаманымда да тойго баргамын.

Атооч сөздөр аткарат, булар да сейрек колдонулат:

Каргайын десем - жалгызымсың, каргабайын десем - байкушсуң.

Жамдама жактуу сүйлөмдөр көбүнчө татаал сүйлөмдүн составында кезигет. Бул макал-лакаптардагы жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн бир өзгөчөлүгүн түзөт.

Татаал сүйлөм конструкциясындагы макал-лакаптар компоненттеринин структурасы боюнча бирдей болбойт: алардын бир компоненти жамдама жактуу сүйлөм конструкциясында түзүлсө, бир компоненттүү туюк жактуу, жаксыз сүйлөм же эки составдуу сүйлөм конструкциясында түзүлөт. Татаал сүйлөм конструкциясындагы макал-лакаптар көбүнчө поэзиялык касиетке ээ болгондуктан, аларга синтаксистик параллелизм, рифма, ритмикалык түзүлүш мүнөздүү. Ошондуктан татаал сүйлөмдүн составында келген жамдама жактуу сүйлөмдөрдүн орун алышында да белгилүү закон ченемдүүлүк болот [3.297-б.].

Туюк жактуу сүйлөмдөр да макал-лакаптарда көп кезигет. Анткени анда да ээ катышпай, логикалык субъект жалпы эле 3-жактагы сөздөр болуп, сүйлөмдүн конкреттүү ээси белгисиз, туюк болгондуктан, макал- лакаптардын жалпыланган маанисине өтө ылайык келет, аны берүүдөгү өнүмдүү формалардын бири болуп саналат. Туюк жактуу сүйлөмдөрдүн баяндоочтору 3-жактагы этиштерден болот. Баяндоочтун аягындагы 3- жактын жак мүчөсү, этиштин 3-жактык мааниси аркылуу сүйлөмдүн ээси 3- жактагы ат атооч экени белгилүү болуп турат, бирок ал сүйлөмдүн конкреттүү ээси боло албайт. Макал-лакаптардын жалпыланган маанисине байланыштуу мында да аракет кылуучу жак катары келген 3-жактагы ат атоочту сүйлөмдүн составына катыштырып айтууга болбойт. Баяндооч этиштин кайсы түрү, кайсы чагы менен берилбесин, жалпыланган чактык мааниде болуп, жекелик сан формасында келет. Демек, туюк жактуу сүйлөмдөрдө макал-лакаптардын жалпыланган мааниси 3-жак жекелик сан формасында берилет. Көлөкөгө карап тон бычпайт. Атын минип жүрүп издептир. Баарынан качып кутулат - өлүмдөн качып кутула албайт. Туюк жактуу сүйлөмдөрдүн баяндоочтору төмөнкүчө түзүлөт: [1.205-б.]

Көбүнчө айкын келер чактагы, кээде арсар келер чактагы этиштерден түзүлөт. Чапанды жакасынан киет. Жука жерден жыртылат, ичке жерден үзүлөт.

Берки айкын чак, капыскы өткөн чактагы этиштерден түзүлөт:

Тандап, тандап тазга жолукту,

Атын минип жүрүп издептир.

Татаал сүйлөмдүн составындагы туюк жактуу багыныңкы сүйлөмдөрдүн баяндоочтору көбүнчө шарттуу ыңгайдын жана -ып,-гыча, формасындагы чакчыл этиштерден түзүлөт:

Жата берсе, ат арыйт; жүрө берсе, жол арбыйт. Аракет кылса, берекет болот.

Туюк жактуу сүйлөмдөр да татаал сүйлөмдөрдүн составында көп кезигет. Алардын орун алышын төмөнкүчө көрсөтүүгө болот:

Уулду төрөйт - уятын кошо төрөбөйт;

Кызды төрөйт - кыялын кошо төрөбөйт.

Багыныңкы сүйлөмдөр туюк жактуу, баш сүйлөмдөр жаксыз сүйлөм структурасына келет;

Өлсө - ит териси, өлбөсө - кой териси.

Жаксыз сүйлөмдөр да, жамдама жана туюк жактуу сүйлөмдөр сыяктуу, бир гана баш мүчөнүн, баяндоочтун базасында түзүлөт. Бирок мунун өзгөчөлүгү: мында логикалык субъект таптакыр белгисиз болот. Жаксыз сүйлөмдөрдө аракет кылуучу жактын жок болушу анын баяндоочунун түзүлүш өзгөчөлүгүнө байланыш-

туу. Мунун баяндоочунда жамдама жактуу, туюк жактуу сүйлөмдөрдүн баяндоочторундагыдай жак мүчө болбойт. Жаксыз сүйлөмдөр макал-лакаптарда анча коп кезикпейт. Адатта, жаксыз сүйлөмдөрдүн баяндоочторунун негизги бөлүгү көбүнчө кыймыл атооч, -са, -ып мүчөлүү этиштерден болуп, алардан кийин керек, зарыл, мүмкүн, болот, болбойт деген сөздөрдүн кошо айтылышы менен түзүлөт да, бир нерсенин мүмкүн экендиги, же мүмкүн эместиги жөнүндө айтылат; ой арсарыраак болуп, кескин баяндалбайт. Жыйынтыктап айтканда макал-лакаптарда болсо тескерисинче, такталган окуялар баяндалат. Ошондуктан жаксыз сүйлөмдөр макал-лакаптар үчүн анча өнүмдүү форма боло албайт.

Адабияттар

1. *Жапаров А. Кыргыз тилинин синтаксиси. –Ф., 1979.*
2. *Үсөналиев С., Иманалиев. Кыргыз тилинин справочниги. –Б., 2004.*
3. *Дыйканов К. Кыргыз тилинин таблицалары. –Ф.: Мектеп, 1971.*
4. *Жалилов А. Азыркы кыргыз тили. – Б., 1996.*
5. *Токтаналиев К. Азыркы кыргыз тили. – Б., 2015.*